КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

**МЫЙЗАМ**

---

# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН КОРПОРАТИВДИК МААЛЫМАТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

## Максаты

**1-берене.** Бул жобонун максаты – Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин корпоративдик маалыматтарды башкаруу боюнча координаторлугунун түзүлүшүн, милдеттерин, ыйгарым укуктарын, жоопкерчиликтерин жана иштөө тартибин жөнгө салуу.

## Мазмуну

**2-берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин корпоративдик маалыматтарды башкаруу боюнча координаторлугунун түзүлүшүнө, милдеттерине, ыйгарым укуктарына, жоопкерчиликтерине жана иштөө тартибине тиешелүү жоболорду камтыйт.

## Укуктук негиздемеси

**3-берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Уставынын тиешелүү беренелерине ылайык даярдалган.

## Аныктамалар

**4-берене.** Бул жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

- **Университет** : Кыргыз-Түрк “Манас” университети;
- **Ректорат** : Университеттин ректораты;
- **Ректор** : Университеттин ректору;
- **Окумуштуулар кеңеши** : Университеттин Окумуштуулар

кеңеши;

- **Түзүм** :Университетке караштуу институт, факультет, жогорку мектеп, орто кесиптик колледж, окуу-өндүрүштүк жана изилдөө борбору, координаторлук, кеңеш, комиссия, башкармалык, мүдүрлүк, кеңсе ж.б. түзүмдөр;

- **Корпоративдик маалымат** : Түзүмдөрдө башкарылуучу маалыматтарга тиешелүү мета маалыматтар;

- **Корпоративдик маалыматтарды башкаруу боюнча координаторлук** : Түзүмдөрдөгү корпоративдик маалыматтарды жана билимдерди аныкталган эрежелерге жана ыкмаларга ылайык аныктоо, өндүрүү, интеграциялоо жана туруктуулугун камсыз кылуу; корпоративдик маалыматтардын ээлерине, колдонуучуларына жана жооптууларына байланыштуу процесстерди башкаруу; университеттин ички жана тышкы пландарга, отчетторго, документтерге жана көрсөткүчтөргө кире турган корпоративдик маалыматтарды жана билимдерди түзүү үчүн зарыл болгон пландарды, программаларды жана колдонмолорду иштеп чыгуу жана баалоо иштерин тиешелүү түзүмдөр менен макулдашып жүргүзгөн түзүм.

- **КМБ боюнча координатор** : Корпоративдик маалыматтарды башкаруу боюнча координатор

**КМБ боюнча координаторлук**

**5-берене.** КМБ боюнча координаторлук бул жобонун алкагында аныкталган иштерди жүргүзгөн КМБ боюнча координатордон, координатордун орун басарынан жана координаторлуктун жумушчу тобунан турат.

**КМБ боюнча координаторлуктун милдеттери**

**6-берене.** КМБ боюнча координаторлуктун милдеттери төмөнкүдөй:

**(1)** Университеттин базасында орун алган түзүмдөрдөгү корпоративдик маалыматтарды жана билимдерди аныкталган эрежелерге жана ыкмаларга ылайык:

**a)** аныктоо, өндүрүү, интеграциялоо жана сапатын камсыздоо (тактык, бүтүндүк, актуалдуулук, жарамдуулук, купуялуулук, жеткиликтүүлүк);

**b)** корпоративдик маалыматтардын ээлерине, колдонуучуларына жана жооптууларына байланыштуу процесстерди башкаруу;

**c)** мекеменин ички жана тышкы пландарга, отчетторго, документтерге, рейтингдерге жана көрсөткүчтөргө кире турган корпоративдик маалыматтарды жана билимдерди түзүү жана сактоо;

үчүн зарыл болгон пландарды, программаларды жана колдонмолорду иштеп чыгуу, жүргүзүү жана баалоо иштерин тиешелүү түзүмдөр менен макулдашып аткаруу.

**(2)** Зарыл учурда университеттен тышкаркы мекемелер же адамдар менен кызматташуу жана биргелешкен иштерди жүзөгө ашыруу.

### КМБ боюнча координатор

**7-берене. (1)** КМБ боюнча координатор ректор тарабынан университетте толук ставкада иштеген илимий даражага ээ окутуучулардын ичинен дайындалат. Координатордун кызмат мөөнөтү - 3 жыл. Кызмат мөөнөтү аяктаган координатор ушул эле тартипте кайрадан дайындалышы мүмкүн.

**(2)** Координатор өзүнүн милдеттерине ылайык иштерин үзгүлтүксүз аткаруу жана координаторлуктун бардык иштерин көзөмөлдөө жана текшерүү боюнча ректордун алдында жооптуу.

**(3)** Координатор кыска мөөнөткө убактылуу кызматтан кеткен учурда, өз ордуна орун басарын ишенимдүү адам катары калтырат. Бул кызмат алты айдан ашпашы керек. Эгерде ал алты айдан ашык созулса, координатордун кызматы аяктайт. Координатор ээлеген кызматынан бошотулса же кызмат мөөнөтү аяктаганга чейин кызматтан кетсе жаңы координатор дайындалат.

### КМБ боюнча координатордун орун басары

**8-берене. (1)** КМБ боюнча координатор тарабынан сунуш кылынган жана ректор тарабынан дайындалган КМБ боюнча координатордун орун басары КМБ боюнча координаторлуктун иштерин жигердүү жана натыйжалуу түрдө жүргүзүүдө көмөк көрсөткөн окутуучу болуп саналат.

**(2)** КМБ боюнча координатор ээлеген кызматынан кеткен учурда, анын орун басарынын милдети да автоматтык түрдө аяктайт.

**(3)** КМБ боюнча координатордун орун басары координатордун сунушу боюнча анын кызмат мөөнөтү аяктаганга чейин ректор тарабынан кызматтан бошотулушу мүмкүн жана ошол эле тартипте жаңы орун басары дайындалышы мүмкүн.

### Координаторлуктун жумушчу тобу

**9-берене.** КМБ боюнча координаторлуктун иштөө чөйрөсүнө кирген иштерди жүргүзүү үчүн жумушчу топ түзүлөт. Жумушчу топко зарыл илимий, техникалык жана административдик кызматкер ректор тарабынан дайындалат.

### Жободо каралбаган жагдайлар

**10-берене.** Бул жободо каралбаган жагдайлар тиешелүү ченемдик укуктук документтин жоболору, Окумуштуулар кеңешинин жана Башкаруу кеңешинин чечимдери менен жөнгө салынат.

**Күчүнө кириши**

**11-берене.** Бул жобо Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган күндөн тарта күчүнө кирет.

**Ишке ашырылышы**

**12-берене**. Бул жобонун беренелери университеттин Ректору тарабынан ишке ашырылат.

*Бул жобо, Университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 19-октябрындагы №2023-13.64(с) чечими менен кабыл алынган.*